**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Бир мүнөт*

*Грамматикалык материал: Бышыктоочту бышыктоо*

*Класс: 8 В*

*Кубанычбек кызы Калия*

*2017-2018 - окуу жылы*

**Кептик тема: Бир мүнөт**

**Грамматикалык материал: Бышыктоочту бышыктоо** (слайд 4)

Сабактын максаты: Көрсөткүчтөрү: (слайд 5)

| | |
|---|---|
| Билим берүүчүлүк: Бышыктооч, анын түрлөрүн бышыкташат. | - Бышыктооч, анын түрлөрүн бышыкташса. |
| Өнүктүрүүчүлүк: Сүйлөө, талдоо, текст менен иштөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт. | - Сүйлөө, талдоо, текст менен иштөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшсө. |
| Тарбия берүүчүлүк: Убакытты туура бөлүштүрүү, пайдаланууга тарбияланышат. | - Убакытты туура бөлүштүрүү, пайдаланууга тарбияланышса. |

Сабактын тиби: Өтүлгөн материалды бышыктоо

Сабактын методу: Интерактивдүү

Сабак аралык байланыш: Адеп, адабият, орус тили.

Сабактын жабдылышы: Проектор, компьютер

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу: Саламдашуу, сабакка болгон даярдыктарын текшерүү. Жагымдуу маанай түзүү. **(____ мүн.)** (слайд 1)

Мугалим: - Саламатсыңарбы, балдар? Сабакка даярбызбы?

Окуучу: …

Мугалим: - Ар бириңердин алдыңарда «Жол чырактын» эки түсү турат. «Кызыл жана жашыл». Эгер берген суроого жооп бар болсо, жашыл түстү, ал эми даяр эмес же жооп жок болсо, кызыл түстү көтөрүсүңөр. (Бул аларга күмүш сырга катары айтылат.)

Сабагыбызды баштаганга чейин ар бириңер өзүңөрдүн олтургучтун астын карап, андагы катылган каалоо баракчаларын алып чыгып окугула.

Окуучу: …

Мугалим: Эми бүгүн канчасы экенин, класс иши деп жазабыз. Алгач үй тапшырмасын текшерип алалы. ( слайд 2)


Үй тапшырмасын суроо: (_____ мүн.) (слайд 3)

Мугалим: - Үйгө берилген тапшырманы эсиңерге салдым. Эми өзүңөр уланткыла

**Бүгүн мындай окуя болду. Кечээ эмне болгон? Эртең эмне болот деп ойлойсуңар? Ой жүгүртүп, сүрөттөгүлө.**

**Бүгүн**

**кечээ**



**эртең**

**Таяныч сөздөр:**

| | | |
|---|---|---|
| Бала кечээ ... алган. | Бала бүгүн эки алды. | Бала эртең ... ... алат. |
| Бала кечээ ... ... | Бала бүгүн капа болду. | Бала эртең ... ... ... . |
| Баланын келгенине кечээ ... ... ... сүйүнгөн. | Баланын келгенине бүгүн жалгыз ити гана сүйүндү. | Баланын келгенине эртең ... ... сүйүнөт. |

1-окуучу:

2-окуучу:

3-окуучу:

(болжолдуу түрдө 3 окуучуну окутам, калгандарын ордуларынан бир сыйра көз чаптырып текшерем)

Бышыктоо:

Жаңы сөздөр менен таанышышат: (түшүндүрүүгө ____ мүн. бөлөм.) (слайд 7)

Тактык – точность. (слайд 6)







Тыкан – опрятный (слайд 7)








Адаттагыдай - обычный (слайд 7)

Мен эртең менен **адаттагыдай** мектепке барам.

Я с утро как обычно иду в школу.

Убакытты баалоо- будешь ценить время

Каждая прожитая минута не вернётся, поэтому нужно ценить время.

Ар бир минута кайра кайтпайт, ошон үчүн убакытты баалоо керек.

Жарыш – гонька (слайд 9)




Мара – финиш (слайд 10)





Мугалим: Жаңы сөздөрдү катыштырып, бирден сүйлөм түзөбүз. (төрт окуучу доскага мисалын жазат, калганы ордуларынан оозеки окуп беришет._____ мүн.) (слайд 11)

Мугалим: Балдар, текстти окуп чыккыла. Жаңы сөздөргө маани бергиле.(текст ар бирине бирден берилет. Окуу үчүн, текст менен таанышуу үчүн ____ мүн. берем.) (слайд 12-13 )

## Бир мүнөт

Митянын үй-бүлөсүндө баары **тактыкты** жана **тыкандыкты** жактырышчу. Митядан башкасынын баары жактырышчу. Митя ар дайым кечигип жүрө берет. Атасы, апасы жана чоң энеси түштөнүүгө отурушса, **адаттагыдай** эле Митя дагы кечикти.

-Митя, кел, түштөнүп ал! – деп чакырды апасы.

- Бир мүнөт, - деп Митя адаттагысындай эле жооп берди да, китебин окуй берди. – Мен азыр …

Митянын ушундай адаты бар эле. Аны бирөө чакырганда же бир нерсе жасоосун өтүнгөндө ал ар убак:

- Бир мүнөт, - дей берчү.

- Сен качан **убакытты баалайсың**? – деп атасы көп айтчу.

Анда уулу:

-Бир эле мүнөт го, ушул да көппү? – деп жооп берип кое турган.

Бир жолу мектепте лыжа тебүү боюнча **жарыш** уюштурулуп калат. Митя лыжаны жакшы тепчү жана спорттун бул түрүн аябай жактырчу. Ал өзүнүн марага биринчи келишине абдан ишенет эле. Бирок жеңиш ал тарапта болбой калды. Досу андан бир мүнөт эрте келип, Митя экинчи орунду ээледи. Үйүнө капалуу кайтып келди. Атасына өзүнүн жеңишке жетишпей калганы тууралуу айтып берди эле, атасы мыйыгынан жылмайып:

- Бир эле мүнөт го, ушул да кеппи? – деди.

Митя ошондо гана бир мүнөт адам өмүрү үчүн маанилүү роль ойной турганын түшүндү.

Текст боюнча эске тутууңарды текшеребиз. Азыр берилген суроолорго «Ооба» же «Жок» деп гана жооп бересиңер. Баштадык. (____ мүн.) (Суроолор слайд 14.)

1. Баланын аты – Митя.
2. Анын үй-бүлөсүндөгүлөрдүн баары тактыкты жана тыкандыкты жактырышчу.
3. Митя дагы тактыкты жана тыкандыкты жактырчу.
4. Митя дайыма кечигет эле.
5. – Митя, кел, түштөнүп ал! – деп чакырды апасы.
6. Митя тез жетип келди.
7. Митя көбүнчө «Бир мүнөт», - деп жооп берчү.
8. Митя лыжаны жакшы тепчү.
9. Митянын досу жеңишке жетишти.
10. Митя марага биринчи келди.
11. Митя марага бир мүнөт кеч келди.

   Берилген суроолорго оозеки жооп бергиле. Бат-баттан жооп бериши үчүн топ ыргытып сурайм.

   Мугалим: Жазуу тапшырмасы. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, ар бир сүйлөмдүн чегин чекит белгиси (.) менен белгилегиле. (___ мин. (слайд 15))

Бир мүнөт да көппү бир жолу мектепте лыжа тебүү боюнча жарыш болуп калды Митя лыжаны жакшы тепчү жана спорттун бул түрүн аябай жактырчу ал өзүнүн марага биринчи келишине абдан ишенет эле, бирок жеңиш ал тарапта болбой калды.

Карточка таратып берем. Анда төмөнкү суроолор болот. (____ мүн.) (слайд 16-17)

Демек, балдар,

- Митя дайыма кечикчүбү?

- Ал сабактан канча алчу эле?

- Митя досунан качан утулду?

-Митя экинчи орунду ээледиби?

-Митя бир мүнөттүн маанисин билдиби?

-Митя кандай бала?

-Митя токойго ким менен барлы эле?

- Митя жарышта кантип утту?

- Митя үйүнө эмнеге көңүлдүү келди?

- Бир мүнөт жеңиш үчүн маанилүүбү?

- Бир мүнөт бир гана спортто мааниге ээ болобу?

- Жашоодо бир мүнөткө маани бербей эле койсок болобу?

- Сен үчүн бир мүнөт мааниге ээ болобу?

Үлгү: (слайд 17)

- Митя дайыма кечикчүбү?

-Ооба, Митя … … …

-Жок, Митя … … … эмес. (Таяныч сөздөр менен бирге карточкалара таратылат.)

Мугалим: Муну билүү кызыктуу. Маалымат бурчу: (слайд 18) (____ мин)

Силер билесиңерби?.. Бир мүнөттө…

Мугалим: Балдар, силер билесиңерби, бир мүнөттө:

- дүйнө жүзүндө 250 бала төрөлөт.

- (кабылан) леопарт 2 км чуркайт.

- чагылган (молния) 360 жолу чагылат.

- адам 12 жолу көзүн ымдайт (моргнет глаза).

- 58 самолёт асманга көтөрүлөт.

- 72 сааттык видео ютуб сайтына жарыяланат.

- 243 миллион сүрөт фейсбук сайтына жүктөлөт.

Мугалим: Убакыт бир гана спортто эмес, жашоодо да маанилүү экенин, ата-энени сыйлоодо, деги эле жашоодо убакыттын мааниси өтө чоң экенин көрсөткөн чакан слайдды көрсөтөм. (2 Бул – ата. Ал ооруп атат. Анын бир мүнөт өмүрү калды. Бир мүнөт өмүрүндө кызын көрсөм деп тиледи( молился). Бирок, кызы атасынын “Жакшы оку” деген сөзүнө таарынып, атасына сүйлөбөй коёт. Бир күнү атасы ооруп калганда гана, атасынын бөлмөсүнө кирет.

Кызы атасынан кечирип сурап, өзүнүн туура эмес кылганын түшүнөт. Ата-эне бааласына эч качан таарынбайт.

Ар бир мүнөт – баалуу. Бүгүнкү күн эч качан кайталанбайт!  (___ мин) (слайд 19-24)

Жыйынтыктоо: Эми балдар, бүгүнкү сабакта өтүлгөндү толук түшүндүм дегендер жашыл түстү көтөрөбүз, айрым жерлерин түшүнгөн жокмун, дагы маалымат керек дегендер кызыл түстү көтөрөбүз. ( ____мин) (слайд 26)

Үйгө тапшырма берүү: (___ мүн.) (слайд 27)

Мен үчүн убакыт кандай мааниге ээ?

Мен убакытты туура пайдаланамынбы?

Бир мүнөттө мен эмне кыла алам? деген темалардын бирин тандап,  чакан текст жазып келгиле. Аңгеменин көлөмү он сүйлөмдөн аз болбошу керек.

Баалоо: Сабакта автивдүү катышкан окуучуларды  баалайм. (____ мүн.) (слайд 28)

**- Митя дайыма кечикчүбү?**

-Ооба, Митя … … …

-Жок, Митя … … … эмес.

**- Ал сабактан канча алчу эле?**

- Ал сабактан … … … алчу эле.

**- Митя досунан качан утулду?**

- Митя досунан … … утулду.

-Митя досунан … … утулган жок.

**-Митя экинчи орунду ээледиби?**

- Ооба, Митя … ... ээледи.

-Жок, Митя … … ээлеген жок.

**-Митя бир мүнөттүн маанисин билдиби?**

- Ооба, Митя … … маанисин билди.

-Жок, Митя … … маансин билген жок.

**-Митя кандай бала эле?**

- Митя … … … бала эле.

- Митя … … … болчу.

**-Митя токойго ким менен барлы эле?**

- Митя токойго … … менен барды.

-Митя токойго … … менен барган жок.

**- Митя жарышта кантип утту?**

- Митя жарышта … … утту.

-Митя жарышта … … жок.

**- Митя үйүнө эмнеге көңүлдүү келди?**

- Митя … … келген жок.

- Митя жарышта … … үчүн көңүлдүү келди.

- **Бир мүнөт жеңиш үчүн маанилүүбү?**

- Ооба, бир мүнөт … … … маанилүү.

- Жок, бир мүнөт … … маанилүү эмес.

**- Бир мүнөт бир гана спортто мааниге ээ болобу?**

- Ооба, бир мүнөт … … гана маанилүү .

- Жок, бир мүнөт … …. да маанилүү.

**- Жашоодо бир мүнөткө маани бербей эле койсок болобу?**

- Ооба, жашоодо бир мүнөткө маани … … эле койсок болот.

- Жок, жашоодо бир мүнөткө маани … … беришибиз керек.

- Сен үчүн бир мүнөт маанилүүбү?

- Ооба, мен үчүн … … маанилүү. Себеби, … … …

- Жок, мен үчүн … … эмес. Себеби, … … … .

Таркатма №1

## Бир мүнөт

Митянын үй-бүлөсүндө баары **тактыкты** жана **тыкандыкты** жактырышчу. Митядан башкасынын баары жактырышчу. Митя ар дайым кечигип жүрө берет. Атасы, апасы жана чоң энеси түштөнүүгө отурушса, **адаттагыдай** эле Митя дагы кечикти.

-Митя, кел, түштөнүп ал! – деп чакырды апасы.

- Бир мүнөт, - деп Митя адаттагысындай эле жооп берди да, китебин окуй берди. – Мен азыр …

Митянын ушундай адаты бар эле. Аны бирөө чакырганда же бир нерсе жасоосун өтүнгөндө ал ар убак:

- Бир мүнөт, - дей берчү.

- Сен качан **убакытты баалайсың**? – деп атасы көп айтчу.

Анда уулу:

-Бир эле мүнөт го, ушул да көппү? – деп жооп берип кое турган.

Бир жолу мектепте лыжа тебүү боюнча **жарыш** уюштурулуп калат. Митя лыжаны жакшы тепчү жана спорттун бул түрүн аябай жактырчу. Ал өзүнүн марага биринчи келишине абдан ишенет эле. Бирок жеңиш ал тарапта болбой калды. Досу андан бир мүнөт эрте келип, Митя экинчи орунду ээледи. Үйүнө капалуу кайтып келди. Атасына өзүнүн жеңишке жетишпей калганы тууралуу айтып берди эле, атасы мыйыгынан жылмайып:

- Бир эле мүнөт го, ушул да кеппи? – деди.

Митя ошондо гана бир мүнөт адам өмүрү үчүн маанилүү роль ойной турганын түшүндү.

Ачык сабак учурундагы сртүмдөр...





